**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТҮП РАЙОНУ**

**ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТЮПСКИЙ РАЙОН**

**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

# ЫСЫК-КӨЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИ XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН IV СЕССИЯСЫ

## Т О К Т О МУ №1

29.03.2024-ж Михайловка.а

**Ысык-Көл айыл аймагынын 2024-жылдын талаачылык жана жайыт кызмат акыларын бекитүү жөнүндө**

2024-жылдын жазгы талаачылык айдоо себүү кызмат акылары, жайлоого чыкчу малчылардын кызмат акыларын, жайыттарды пайдалануунун акысы жана айдоо талаа жерлерге мал кирип кеткен үчүн айып пул салуу жөнүндө маселени талкуулап Ысык-Көл айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.2024-жылдын жазгы талаачылык айдоо-себүү тарифтери төмөнкүдөй бекитилсин:

| | |
|---|---|
| Жер айдоо | 1000 сом,күйүчүү май 20 л |
| Жер себүү | 400 сом, күйүчүү май 7 л |
| Тырмоо | 300 сом, күйүчүү май 7 л |
| Чөптүү тырмоо | 200 сом, күйүчүү май 5 л |
| Мала | 500 сом, күйүчүү май 10 л |
| Фреза | 500-1000 сомго чейин |
| Чөптүү чабуу | 1500 сом, күйүчүү май 20 л |
| Германка | 900 сом, күйүчүү май 7 л |
| Эгин чабуу комбайн акысы | 1000 сом, күйүчүү май 20 л |
| Пресс | 8 сом, күйүчүү май 7 л |
| Эгин, чөп ташуу автоунаа акысы | 500 сом, күйүчүү май далил менен |
| Экспарцет тазалоо 1 тонна | 800 сом |
| Эгин тазалоо 1 тонна | 600 сом |

-Айдоо аянтарын, талаа жолдорун жана арыктын жээктерин соко менен айдап техника менен тебелеп жол салып алгандарга айып пул 2000 сом өлчөмүндө салынсын.

2.2024-жылына карата жайлоого багуу жана айыл ичиндеги бада акысы төмөнкүдөй бекитилсин:
Бодо мал (уй,жылкы)- 600 сом, биринчи айы 750 сом ( тузу, жайыт акысы ичинде)
Кой-эчки 150 сом, биринчи айы 200 сом (тузу, жайыт акысы ичинде)
Бада- 400 сом

3.Малдар айдоо жерлерге кирип кеткен үчүн айып пул төмөнкүдөй бекитилсин:

| | |
|---|---|
| Бодо мал (уй,жылкы) | 1 башына 1000 сом |
| Кой-эчки | 1 башына 200 сом |
| Эшек | 1 башына 500 сом |
| Каз | 1 башына 200 сом |

2024-жылдын апрель айынын 1 нен баштап талага мал чыгарууга тыюу салынат.

4.Ысык-Көл айыл аймагына тиешелүү Михайловка, Ысык-Көл ,Тогуз-Булак, Ынтымак жана Сары-Булун айылдарынын мал жандыктары алыскы жайытка көчүп кетүү жана кайра көчүп келүү мөнөөттөрү төмөнгүдөй бекитилсин:

-Жайлоого жайыттарга малды чыгаруу 2024-жылдын 20-майына чейин көчүү;

-Жайлоодон көчүп келүү жагы 15-сентябрь айынан кийин;

-Жайлоого өз убагында көчпөй койгон жана эрте көчүп келип алган малчыларга, жайыттарды жана чөп чабындыларды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планында белгиленген, белгиленген тартипте кабыл алынган жана күчүнө кирген режимди бузуу жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө 7500 миң сом айып пул салынсын.

5.Көл жээктеги пляждардын ижара акысы төмөнкүдөй бекитилсин:
Бир жаранга берилүчүү жердин аянты 0,05га, ижара акысы 0,01 га -294 сом менен бекитилип келишимдин негизинде берилсин.

6.Айыл ичинде таштанды таштаган жаранга айып пул 3000 сом салынсын.

7.Айылдык Кеңештин бул токтомун калкка жеткирүү жана Ысык-Көл областык юстиция башкармалыгына каттоодон өткөрүү жагы Г.Карымбаевага жүктөлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Ысык-Көл айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына, ”Таза-Мурас” муниципалдык ишканасынын жетекчиси И.Лихобабинага жана Аксакал сотунун төрагасы Б.Жылкыбаевге жүктөлсүн.

9. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ысык-Көл айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы У.Бозгуновго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Акунов**